№ 116 Буйруктун көчүрмөсү

01.09 2022-жыл

Өмүрзак Коңурбаев атындагы

Самансур орто мектеби

“КР “Билим берүү жөнүндө” мыйзамына ылайык педагогдордун милдеттеринин сакталышы боюнча”

Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамынын негизинде КР Билим берүү жана илим министрлигинин 15.12.2017-ж. №1548/1 буйругунун негизинде

Буйрук кылам:

1. Билим берүү тармагында эмгектенген мугалимдердин журум-турум нормаларын сактоо адеби боюнча комиссия түзүлсүн (мугалимдер, ата-энелер коомчулугу менен бирге);
2. Мектепте окуучунун ар тараптуу инсандык өнүгүшүнө багытталган коопсуз жылуу жумшак маанайда шарт түзүлсүн;
3. Окуучуларга билим тарбия берүүдө зордук- зомбулук ыкмаларын колдонууга тыюу салынат (кыйкыруу, кол көтөрүү, басынтуу).
4. Окуу-тарбия процесси мыйзам чегинде, окуучунун кызыкчылыгы эске алынып, окуучуну коомчулуктун тең укуктуу мүчөсү катары кабыл алуу, сыйлоо жана зордук зомбулуктан коргоо, анын мыйзам чегиндеги укугун жана эркиндигин камсыздоо менен түзүлсүн;

**Мугалимдер өздөрүнүн ишмердүүлүгүндө төмөндөгүлөргө милдетүү болушсун:**

5. Окуучуларды тарбиялоодо адептүүлүккө, ыймандуулукка, ата-энени сыйлоого, маданий баалуулуктарды сактоого жана курчап турган чөйрөгө аяр мамиле жасоого үйрөтүүгө;
6. Эмгек тартибин түздөн-түз сактоого;
7. Жамаат ичинде туруктуу жана позитивдүү моралдык-психологиялык абалды түзүүдө үлгү болууга;
8. Кызматтык милдетин аткарууда мугалимдин кийимине, иш стилине ылайык болууга;
9. Ар бир адамдын жаш өзгөчөлүгүнө, социалдык, кызматтык абалына карабастан анын укугун, намысын, адамкерчилигин сыйлоого;
10. Кесиптик ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдө жана кемчиликтерди жоюуда коомчулук тарабынан айтылган сын пикирге сабырдуулук менен мамиле жасоого;
11. Кесиптештеринин ичинде мугалим моралдык этиканын нормаларын сактоого милдетүү;

12. Мугалимдердин моралдык-этикалык нормаларды сактоо эрежелери педагогикалык кеңеште каралып, талкуулансын;
13. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү ОТИ боюнча директордун орун басары М.Н.Туйгуновага милдеттендирилсин.

Мектеп директору А.К. Молдокулова